| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>АКНАЗАРОВ АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АКНАЗАРОВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ |

# ТОКТОМ

2023-жылдын 06-октябры № 1 Кызыл-Октябрь айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө " ПЖ №215 Жарлыгын аткаруу жөнүндө**

Акназаров айылдык аймактык кеңешинин 32-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз 16-сессиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" ПЖ №215 Жарлыгын аткаруу жөнүндөгү маселени карап чыгып, талкуулап токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" ПЖ №215 Жарлыгы аткарууга алынсын.
2. 2023-жылдын 15-декабрында Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында Элдик Курултай чакырылгандыгы эске алынсын.
3. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы 1-тиркемеге, уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Элдик курултайга делегаттарды шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйын 2023-жылдын 18-ноябрында Кызыл-Октябрь айылындагы клубда өткөрүлсүн, делегаттардын саны 50 адам деп белгиленсин.
5. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындары 17-октябрда өткөрүлсүн.
6. Ушул токтом менен бекитилген Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планына жараша өз мөөнөтүндө аткаруу боюнча конкреттүү чаралар көрүлсүн.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.
8. Бул токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Жорготаев**

Тиркеме №1
2023-жылдын 06-октябрындагы №1 токтому менен бекитилген

**Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы**

**Өткөрүү күнү**
**2023-жылдын 18-ноябры**

| № | Иш чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар | Негиз/ Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| **Элдик Курултайдын делегаттарын жергиликтүү жамааттардан шайлоо** | | | | |
| 1. | Жергиликтүү кеңеш тарабынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындар жөнүндө токтомду сессияда кабыл алуу; | 2023-жылдын 6-октябры | Айылдык кеңеш | |
| | -өкүлчүлүктүү жыйындын датасын, убактысын жана өтүүчү жерин аныктоо; | 2023-жылдын 18-ноябрында Кызыл-Октябрь айылында,клубда. | | |
| | -өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн санын бекитүү; | 50 адам | | |
| | -өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттардын тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү; | 2 округ болуп бөлүндү | | |
| | - жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүү графигин бекитүү; | 17-октябрда 1-округда саат 10до 2-округда саат 14дө | | |
| | - жыйынды өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңештин депутаттарынын тизмесин бекитүү; | А.Коккозов Ж.Ыбыраев | | |
| | -өкүлчүлүтүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын бекитүү. | Жумушчу топтун курамы бекитилди. | | |
| 2. | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүү | 2023-жылдын 17-октябры Саат 10 до саат 14 дө | Айылдык кеңеш,айыл өкмөт,коомдук уюмдар. | |
| 3. | Өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларын көрсөтүү боюнча жамааттардын жыйындарынын протоколдорун жана өкүлдөрдүн анкеталарын чогултуп жалпылоо. | Комиссия түзүлгөн учурдан тартып 2023-жылдын 6-ноябрына чейин | Жумушчу топ | Бекитилген график менен. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | Өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын тизмесин тактоо, сапаттык жана тармактык курамы боюнча маалымат даярдоо,ошондой эле өкүлчүлүктүү жыйындын күн тартибин жана өткөрүү тартибинин долбоорун даярдоо. | 2023-жылдын 14-ноябрына чейин.. | Жумушчу топ. | |
| 5. | Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү. | 2023-жылдын 18-ноябрына чейин. | Жумушчу топ. | |
| 6. | Өкүлчүлүктүү жыйындардын Элдик Курултайдын делегатынын тизмесин шайлоо тууралуу протоколдору жана толтурулган анкетасын уюштуруу комитетине жөнөтүү | 2023-жылдын 24-ноябрына чейин | Жумушчу топ. | |

**Жооптуу катчы** **С.Шабданова**

Тиркеме №2
2023-жылдын 06-октябрын-
дагы №2 токтому менен
бекитилген

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы.**

1.1. К.Жорготаев-айылдык кеңештин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;

1.2. Н.Умбеталиева-айылдык кенештин төрагасынын орун басары, жумушчу топтун орун басары;

1.3. С.Шабданова-айылдык кеңештин жооптуу катчысы,жумушчу топтун катчысы;

**Уюштуруу комиссиясынын мүчөлөрү:**

1.4.Н.Нурматов-айылдык кеңештин депутаты;

1.5. Н.Айтышов-Алтынкыз-Токтобү балдар бакчасынын завхозу,демилгечи топтун өкүлү;

1.6.У.Нуралиев-жарандык коомдун өкүлү;

1.7. А.Бейшеналиев - АВПнын директору,коомдук уюмдун өкүлү ;

1.8 Б.Эшеналиев- Маданият,Урмарал айылдарынын айыл башчысы;

1.9. А. Айылчиев –Таш-Кудук,Көк-Таш айылдарынын айыл башчысы;

**Жооптуу катчы** **С.Шабданова**